жылы Фрунзе шаарындагы жумушчу факультеттин даярдоо бөлүмүнө кирет. Аталган факультеттин экинчи курсуна келгенде Кыргыз мамлекеттик педагогикалык институттун 1-курсуна тогуз жакшы окуган балдарды экзаменсиз кабыл алат. Ошол тогуз баланын арасында Абдыкул агайыбыз да кабыл алынган экен.

Өзүнүн эмгек жолун, агайыбыз 1939-жылы Москва районунун Кызыл-Туу орто мектебинде мугалимдиктен баштаптыр. Ал убакта институттун биринчи курсун жаңы аяктаган жыл экен.

Бирок өмүрүнүн өтө татаал учурларынын бири экинчи дүйнөлүк согушка туш келеди. 1941-жылы немецтик фашисттер кол салып, каардуу согуш баштаганда, Ата Мекенди коргоо үчүн катардагы миңдеген улан кыздар сыяктуу эле агайыбыз да колуна курал алып мекенин коргоого жөнөйт. Фронттун өрт алган талааларын кечип, согуштун оор күндөрүн башынан кечирип жүрүп көптөгөн жаракаттарды алат. Ошентип өз айылына согуштун II группадагы майыбы болуп келип , мугалимдик кесипти кайрадан улантат.

Замандаштарынын эскерүүсүнө кайрылсак Абдыгул агай согуштун эң бир каардуу азап – тозогу, мыкаачы немецтердин минасы жарылганда осколка чачырап, тулку –боюнда тамтыгы жок учурун төмөнкүчө баяндап берген экен. “Жаныбызга мина келип жарылды. Көзүм ымыр-чымыр болуп, ичимен кан агып, алсырап баратканымды сездим. Талаада кансырап өлүп калбас үчүн жан айласын сактап, аман калууга акыл токтоттум. Кан аккан ичимди бек буып, колум менен бек басыпалып, тылды карай чуркап жүрүп отурдум... Эсиме келгенде эки-үч кабыргамды осколка талкалап кетип, алып салганын, оор жарадар экенимди госпиталда билдим” /3/

Абдыкул Жапаров өзүнүн кайраттуулугун, чыдамдуулугун, тайманбаган эрдигин согушта гана көрсөтпөстөн, эл –жерине келгенде, өзүнүн турмушунда, илим изилдөө ишинде, агартуу системасында көрсөтө алды десек жаңылышпайбыз.

А дегенде Буденнй атындагы мектепте иштеп, андан соң Орто-Суу мектебине директор болуп которулат.

Кийин Фрунзе областык Эл агартуу бөлүмүндө, республикалык Эл агартуу комиссариатында иштеп, мектеп окуучуларынын кыргыз тили боюнча алган билимдерин жогорулатуу, кемчиликтерди жоюу ишинде көп эмгектенет. Ушул жылдары Эл агартуу министрлиги тарабынан кыргыз тили боюнча сапаттуу окуу китептерин түзүү боюнча ачык конкурс жарыяланат. Кокурстун жыйынтыгында А. Жапаровдун “Синтаксис” окуу куралы II сыйлыкка татыктуу болуп, басып чыгуу жана колдонууга сунуш кылынат. Бул окуу куралынын жарык көрүшү А. Жапаровдун илимге болгон кызыгуусун арттырат.

А. Жапаров 1949-жылдан баштап өмүрүнүн акырына чейин Кыргыз мамлекеттик университетинин кыргыз филологиясы факультетинде окутуучу, улук окутуучу, доцент профессор болуп үзүрлүү эмгектенип келди. 1956-жылы Москвадан “Азыркы кыргыз тилиндеги сөз айкаштарынын грамматикалык түзүлүшү” деген аталышта кандидаттык диссертациясын коргойт. Кыргыз тили илиминдеги жооптуу курстардын бири болгон синтаксис боюнча докторлук диссертациясы 1961-жылы жазылып бүтүп коргоого сунушталганы менен, кандайдыр бир

себептер менен арадан беш жыл убакыт өткөдөн кийин, же тагыраак айтканда 1966- жылы гана Алма-Ата шаарында корголгон. Кандидат болгондон кийин эки эселенген кайрат күч менен жемиштүү эмгектенип келди. Кыргыз тилинин синтаксисн изилдөөдө көптөгөн ийгиликтерге жетишип, илимий изилдөөлөрүн жана мектеп, жогорку окуу жайларга арналган ондогон окуу китептерин биринен сала экинчисин жазып жарыялап келди. Анын бир мисалы катары "Кыргыз тилинин грамматикасы" (синтаксис, 2 бөлүк, 6-7-класстар үчүн окуу китеби).

Жалпы билим берүүчү мектептерге арналган бул окуу куралы 1950-жылы басылып чыгып , мезгил талабына ылайык, өзгөрүүлөр, толуктоолор менен 13 жолу басылып чыккан. 1951-жылы педагогикалык окуу жайлар үчүн жазылган "Кыргыз тилинин грамматикасы (Синтаксис, II-бөлүк)" окуу куралы жарык көрөт. Бул окуу китеби согуштан кийинки эң мыкты окуу китеби катары бааланган.

1950 – жылы А. Жапаровдун "кыргыз тилинин грамматикасы" окуу китеби басылып чыкты. Бул китепте олуттуу жаңылыктар бар эле.

Буга чейинки Т. Актанов, Н. Макешов, К. Бакеев тарабынан жазылган "Кыргыз тилинин грамматикасында" "сүйлөм ичинде баяндоочтор башкарып, орунду, мезгилди, себеп менен максатты көрсөткөн сөздөрдү толуктооч дейбиз"- деп берилген. /4/ Жогорудагы аныктаманы карап көрсөк бышыктоочко тийешелүү белгилерди зордоп эле толуктоочко чаптап салгандай. Ал эми толуктоочтун өзүнө нагыз аныктама берилбей калган. Бул болсо мектеп практикасында бир топ кыйынчылыктарды туудурагндыгы турулуу иш. Өзгөчө грамматикалык талдоо жүргүзүүдө, айкындооч мүчөлөрдү ажыратууда өзүнүн терс таасирин тийгизген.

Абдыкул агайыбыздын 1950-жылы басылып чыккан "кыргыз тилинин грамматикасы" аттуу окуу китеби жарык көрүп, бул китепте биринчи жолу айкындооч мүчөлөр толук классификацияланган. Алсак мурунку китептерде айкындооч мүчөлөрдүн эки гана түрү – аныктооч жана толуктооч берилсе, А. Жапаров айкындооч мүчөлөрдү үч түргө - аныктооч, толуктооч жана бышыктооч мүчөлөргө ажыраткан. Ошентип Жапаров биринчилерден болуп "бышыктооч" деген термин киргизген. Бул кыргыз тил илиминдеги синтаксис илиминде эң чоң, олуттуу жаңылык эле. Муну менен А. Жапаров1950-жылга чейинки кыргыз тилинин синтаксисиндеги айкындооч мүчөлөр боюнча орун алып келген кемчиликтерди толук чечкен. Агайыбыз бул окуу куралында бышыктоочтун милдетин кайсы жөндөмөлөр аткарарын жана кайндай суроолорго жооп берерин так даана аныктаган. Бул окуу китеби биз башанда сөз кылгандай, замандын талабына ылайык оңдоп түзөп, толукталып 13 жолу басылып чыккан.

1957-жылы чыккан "кыргыз тилинин грамматикасы" китебинде дагы бир өзгөртүү же жаңылык киргизген. Ал синтаксистик байланыштын түрлөрү боюнча. Буга чейин синтаксистик байланыштын үч гана түрү- ээрчишүү, ыкташуу, башкаруу байланыштары болуп келсе, бул китепте синтаксистик байланыштын дагы бир байланышы –кыйышуу деген термин менен дагы бир байланыштын түрүн киргизген. Ага төмөнкүдөй аныктама берген. Таандык мүчө уланып турган сөз ага айкашкан сөздүн илик жөндөмөдө турушун талап кылат. М: Эрдин күчү-сом темир

Эритүүгө эр керек (Ток. С.)

Күндүн нуру болбосо

Гүлдөр кайдан ачылсын (К. М.)

Бул айкалышуудагы багыныңкы сөздөр эрдин, күндүн багындыруучу сөз – күчү, нуру.

Багындыруучу сөздөгү таандык мүчөгө карай багыныңкы сөздүн илик те турушу кыйышуу байланышы деп аталат. /5/ Ошентип синтаксис илими дагы бир терминге байыды. Бул терминди же байланыштын түрүн Абдыкул Жапаров агайыбыз жөн жерден алып киргизген жок. Өзүнүн талыкпай эмгектенүүсүнүн натыйжасы, тынбай изденүүсүнүн натыйжасы.

Кийинн 1979-жылы чыккан Кыргыз тилинин синтаксисинде ушул эле кыйышу байланышын таандык байланыш деп атаган. Таандык байланышта багындыруучу сөз болуп турган сөздөргө жалганып турган таандык мүчөлөргө карай багыныңкы болуп келген сөздөр илик жөндөмө мүчөсүндө туруп байланышарын айткан. Бул кыйышуу байланышына берилген аныктамадан эч айырма деле байкалбайт. Демек азыркы биз колдонуп келе жаткан таандык байланышты 1957-жылы эле так даана аныктап берип койгон. Таандык байланышты принципиалдуу карай турган болсок, зат атоочтордун өз ара байланышынын бир түрү. Ал эми калган сөз түркүмдөрү таандык байланышта мейли багыныңкы сөз болсун же багындыруучу сөз болсун алардын заттанып кетишине байланыштуу болот. Анткени жөндөмө категория да, таандык категория да зат таоочко гана тийешелүү. Бул маселе да агайдан бул китебинде так даана берилген. Таандык байланышта дагы бир маселе бул, илик жөндөмө мүчөсү түшүп, көмүскөдө калып айтылышы. Бул эмгегинде таандык байланышта багыныңкы сыңар болуп келген сөздөрдүн илик жөндөмө уландысы жалганып турушу да мүмкүн, башка бир шарттарда көмүскө калып калышы да мүмкүн деп жыйынтык чыгарат.

А. Жапаров өмүрүнүн акырына чейин синтаксис илими менен алышып келди. Ал ар бир маселеге олуттуу маселе жасап, ар бир материалды так, даана изилдеп, кеңири анализдеп, алардын ар бирин мисалдар менен бышыктап, далилдеп, так аныктамаларды берип, жыйынтыктап, аны менен эле токтолуп калбастан, ал материалдарды кийинки эмгектеринде дагы толуктап, илимий жактан байытып, тереңдетип келди. Агайыбызды илимге өтө берилип, бүт өмүрүн илимге арнаган окумуштуу катары угуп эле жүрөбүз. Ушундай талыкпаган эмгегинин үзүрү катары “Кыргыз тилинин синтаксистик түзүлүшү” (Синтаксичиский строй киригизского языка. Б. 1992.) деген эки томдон турган, 1992 –жылы чыккан фундаменталдуу эгегин айтсак болот. Бул эмгегинде А. Жапаров түрк тилдеринин жетишкендиктерин кеңири пайдалана алган.

Агайыбыз бул эмгегинин бирден-бир жетишкендиги, кыргыз тилинин синтаксистик түзүлүшүнүн дээрлик бардык категорияларын өтө кенен жана терең изилдеп, көрүнүктүү түрколгордун теориялык эмгектерин, жалпы тил илминин жетишкендиктерин кенен пайдалангандыгында. Бул иште синтаксистик кандай гана талаш маселе болбосун андан оригиналдуу жоопторду табууга мүмкүн. Бул китеп чыкканга чейин айрым чаташууну пайда кылган талаш-тартыштын обьектиси болуп келген маселелер илимий жактан бир топ терең чечилген. Айрыкча, синтаксистик түрмөктөр жөнүндөгү маселелердин коюулушу жана

методикалык жактан ийгиликтүү чечилиши китептин оригиналдуулугун жогорулаткан. Китептин дагы бир өзгөчөлүгү, анын орус тилинде басылып чыгышында. Бул жагынан алып караганда бул эмгектин башка түрк тилдери боюнча иштеп келе жатышкан окумуштуулар , кыргыз тилинин синтаксисин башка улуттун өкүлдөрүнө жеткирүүдө, орус мектептеринде кыргыз тилин окутуп жаткан мугалимдер үчүн маани өтө зор, кеңири пайдалана алышат.

Бул эмгеги үч бөлүмдөн турат. Жалпы бөлүм, жөнөкөй сүйлөмдүн синтаксиси, татаал сүйлөмдүн синтаксиси жана тыныш белгилери. Алардын ар бир бөлүгүнө терең анализ берип, адабияттардан, элдик оозеки чыгармалардан факт материалдар келтирилет да, керек болгон жерде башка түрк тилдеринен факты материалдары менен далилдейт.

Эмгекте жалпы маселелер менен бирге жөнөкөй жана татаал сүйлөмдөрдүн түзүлүш өзгөчөлүктөрүн, алардын функционалдык бөтөнчөлүктөрүн камтыган кыргыз тилинин синтаксистик курулушунун бардык категориялары жеткиликтүү жакшы иштелген жана дыкаттык менен талданган. Бул китептин дагы бир өзгөчөлүгү катары “Сөз тизмегин” алып карасак болот. Буга чейинки эмгектерде “Сөз тизмеги” кыскача жана жалпы түшүнүк берилип келген болсо, бул эмгекте синтаксистин өзүнчө бир бөлүгү катары каралып, ага өзүнчө орун берилген. Бул ишке тилчи окумуштуулар да өздөрүнүн туура баасын берип, Кыргыз Республикасынын К. Тыныстанов атындагы мамлекеттик сыйлыгына көрсөтүп келишкен. Алардын бир мисалы катары И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин профессору Б. Өмүралиев “Бул иште кыргыз адабий тилинин синтаксистик түзүлүшү ар тараптан кенен – кесири изилденген. Автордун корутундулары далилдүү жана ишенимдүү. Мындай көлөмдүү иш кыргыз тил илиминде биринчи жолу пайда болду. Демек, бул жетишкендик!” – деп басабелгилеп кеткен./6/. Дагы бир окумуштуу Т. Ашырбаев. “Грамматикалык ар бир категория деталдуу изилденген, башкача айтканда сөз болуп жаткан маселеге комплекстүү мамиле жасалып, анализ – синтез ыкмалары аркылуу ынанымдуу далилденген. Берилген иллюстрциялык материалдар теориялык жоболорго шайкеш келет. Алар орус, кыргыз тилдеринде жарыштырыла (паралель) пайдаланылган. Демек, түшүнүксүз проблемалар дээрлик пайда болбойт” - деп бул эмгектин жетишкендиктерин баса белгилеп кеткен. /7/

“Кыргыз тилинин грамматикасы” (педагогикалык окуу жайлары үчүн, 1952), “Азыркы кыргыз тилинин синтаксиси” (жогорку окуу жайларынын филология факультеттеринин студенттери үчүн окуу китеби, 1964) окуу китептери басылып чыккан. Бул окуу куралдары азыркы күндө да студенттердин колунан түшпөгөн окуу китеби катары колдонулуп келе жаткандыгын белгилей кетишибиз керек. А. Жапаров тарабынан ондогон окуу программалары түзүлүп, башка окуу китептери жазылып, илимий монографиялары көптөгөн илимий – методикалык жана өз заманынын талаптарына ылайык макалалар жазылып жарык көрүп турган.

Абдыкул Жапаров кыргыз тилинин синтаксисин изилдөөдө ар тараптан кең –кесири иликтөө алган арымы кенен окумуштуулугу менен түркологдорду суктандырып келген. Илимий кадрларды даярдоодо да кошкон салымы зор. Ал 1965-жылдан бери илимдин 14 кандидатын даярдап чыгарып, 2 докторантка илимий консультант болгонго жетишти. Синтаксисти ар тараптан

кең-кесири изилдеген бир нече ондогон синтаксисоведдерлин мектебин түзүүгө жетише алды. Азыркы күндө алар республикабыздын ар кандай университеттеринде агайдын ишин улантып келе жатышат десек жаңылышпасак керек.

Жыйынтыгында айтарыбыз, жаш кезинен эле тил илимине кызыгып, ага баш оту менен киришип, бул багытттагы эмгектерди терең талдап баралына жеткире алаган, Кыргыз тилинин синтаксисин изилдөгө 60 жылдык өмүрүн арнаган улуу окумуштуу синтаксисовед. Өмүрүнүн акырына чейин Кыргыз улуттук университетинин Кыргыз филологиясы факультетинде талыкпай эмгектенип келген залкар окумуштуу филолог. А. Жапаров кыргыз тил илими үчүн опол тоодой кызмат кылып, академик наамын албасада биз үчүн, келечек муун үчүн көптөгөн эмгектерин жазып мурас калтырды.

Агайыбыздын бизге калтырган эмгектерин терең үйрөнүп, алардын жашаган өмүрү жана ишмердүүлүгүн кийинки муундарга калтыруу ар бирибиздин атуулдук милдетибиз деп эсептейм.

АДАБИЯТТАР

1. Тыныстанов К. Биздин тил. – Ташкент, 1927.

2. Тыныстанов К. Кыргыз тилинин синтаксиси 6,7,8 жылдыктар үчүн. – Фрунзе, 1936.

3. Профессор Абдыкул Жапаров жана тил илими. – Бишкек, 2002.

4. Кыргыз тилинин грамматикасы, II бөлүк. Синтаксис / Т.Актанов, Н.Макешов, К.Бакеев. – Фрунзе: Кыргызмамбас, 1940.

5. Жапаров А. Кыргыз тилинин грамматикасы. – Фрунзе, 1957.

6. Өмүралиев Б. Мааниси зор эмгек. Кыргыз туусу 1996, 26-июль

7. Аширбаев Т. Төө көтөргүс эмгек. Кыргыз руху. 1996 жыл. 7-август.

8. Жапаров А. Синтаксический строй киргизского языка. – Б., 1992.

9. Кыргыз тили. Энциклопедиялык окуу куралы.– Б., 2004.